Урматтуу кесиптештер, окумуштуулар, окутуучулар жана жаш изилдөөчүлөр!

Баарыңыздарды Илим күнү менен чын дилимден куттуктайм!

Бүгүн Кыргыз улуттук университетинин илимий ишмердүүлүгүнүн негизги жетишкендиктерине жана алдыбызда турган милдеттерге кыскача токтолуп кетким келет.

КУУнун илимий ишмердүүлүгү университеттин илимди өнүктүрүүнүн артыкчылыктуу багыттарына ылайык жүргүзүлөт. Илимий долбоорлор ишке ашырылып, актуалдуу изилдөө темалары аныкталып, кандидаттык жана докторлук диссертациялардын темалары бекитилүүдө.

2026-жылдагы маанилүү жетишкендиктердин бири - илимий адистиктер дээрлик эки эсеге кыскартылып, ирилештирилгенине карабастан, 14 диссертациялык кеңештин ачылышы болду. Бул илимий кадрларды даярдоого жана илимий мектептерди өнүктүрүүгө жаңы мүмкүнчүлүктөрдү түзөт.

Окумуштууларыбыздын жарыялоо активдүүлүгүн жогорулатууга өзгөчө көңүл бурулууда. Бүгүнкү күндө КУУнун Scopus маалымат базасындагы жарыялоолорунун жалпы саны 709 макаланы түзөт. Анын ичинен 2026-жылы 162 макала жарыяланды. Өткөн жылдын ушул мезгилинде бул көрсөткүч 138 макаланы түзгөн.

Ал эми Web of Science маалымат базасындагы жарыялоолордун жалпы саны 185ти түзүп, анын 22си үстүбүздөгү жылы жарыяланган. Бул көрсөткүчтөр университетте илимий жарыялоолордун саны өсүп жаткандыгын жана жүргүзүлүп жаткан иштердин натыйжалуулугун көрсөтөт.

Илимий изилдөөлөрдү колдоо максатында каржылоонун көлөмү да көбөйүүдө. Үстүбүздөгү жылдын февраль айында жарыялоо активдүүлүгүн стимулдаштырууга 2 млн 400 миң сом, октябрь айында 1 млн 425 миң сом төлөнүп берилди.

Университеттин ички илимий гранттарын каржылоо да жылдан жылга өсүүдө. 2024-жылы 4 млн сом, 2025-жылы 5 млн 400 миң сом бөлүнсө, 2026-жылы 20 илимий долбоорду ишке ашырууга 10 млн 100 миң сом каралды.

Мунун натыйжасында илимий изилдөөлөр кеңейип, эл аралык кызматташтык өнүгүп, өндүрүш менен байланыш чыңдалууда. Илимий иштеп чыгууларды коммерциялаштырууга да көңүл бурулуп, үстүбүздөгү жылы 10дон ашык патент алынды.

Бүгүнкү күндө университеттин илимий инфраструктурасынын курамында 15 илимий борбор, 1 Фундаменталдык илимдер институту, 1 илимий станция жана 3 илимий мектеп иш алып барууда.

Университеттин негизги байлыгы — анын адамдык жана илимий потенциалы. Учурда КУУда 189 илимдин доктору, 659 илимдин кандидаты, 11 PhD доктору, 4 корреспондент-мүчө жана Кыргыз Республикасынын Улуттук илимдер академиясынын 2 академиги эмгектенет.

Жаш илимий кадрларды даярдоо багытында да иштер жүргүзүлүүдө. Үстүбүздөгү жылы PhD докторантурасына 94 адам, аспирантурага жана изденүүчүлүккө 72 адам, докторантурага 21 адам кабыл алынды. Бул университетте илимий кадрлардын жаңы мууну калыптанып жаткандыгын көрсөтөт.

Редакциялык-басма ишмердүүлүгүндө да маанилүү жетишкендиктер бар. Алардын бири — «Кыргыз улуттук университетинин жарчысы» илимий журналынын эл аралык DOAJ илимий каталогуна киргизилиши. Бул университеттин илимий басылмаларынын сапатын жана эл аралык деңгээлдеги көрүнүктүүлүгүн жогорулатуудагы маанилүү кадам болуп саналат. Ошондой эле социалдык-гуманитардык жана математикалык багыттагы журналдарды Scopus маалымат базасына киргизүү боюнча иштер жүргүзүлүүдө.

Албетте, жетишкендиктер менен катар чечүүнү талап кылган маселелер да бар. Алардын катарында Scopus жана Web of Science базаларындагы жогорку квартилдеги журналдарда жарыяланган макалалардын жетишсиздиги, илимий иштеп чыгууларды коммерциялаштыруунун төмөн деңгээли, эл аралык кызматташтыктын жетишсиздиги жана илимий муундардын уланмалуулугун күчөтүү зарылдыгы бар.

Мындан улам биздин негизги милдеттерибиз — илимий изилдөөлөрдүн сапатын жогорулатуу, эл аралык кызматташтыкты кеңейтүү, колдонмо изилдөөлөрдү өнүктүрүү, илимий иштеп чыгууларды практикага киргизүү жана жаш окумуштууларды колдоо.

Урматтуу кесиптештер!

Жыйынтыктап айтканда, Кыргыз улуттук университети олуттуу илимий жана кадрдык потенциалга ээ. Жетишилген ийгиликтер — бул университеттин жетекчилигинин, окумуштууларыбыздын, окутуучуларыбыздын жана жаш изилдөөчүлөрдүн биргелешкен эмгегинин натыйжасы.

Ушул мүмкүнчүлүктөн пайдаланып, университеттин бардык түзүмдүк бөлүмдөрүнө, факультеттерге, институттарга, кафедраларга, илимий

борборлордун жетекчилерине жана кызматкерлерине, окумуштууларга жана окутуучуларга илимди өнүктүрүүгө кошкон салымы, демилгелүүлүгү жана үзүрлүү эмгеги үчүн терең ыраазычылык билдирем. Ар бириңиздердин эмгегиңиздер университетибиздин жалпы жетишкендиктеринин негизи болуп саналат.

Биздин максат — илимий көрсөткүчтөрдү сан жагынан гана көбөйтүү эмес, изилдөөлөрдүн сапатын жогорулатуу, эл аралык деңгээлде таанылууга жетишүү жана өлкөбүздүн өнүгүшүнө салым кошкон илимий жаңылыктарды жаратуу.

Баарыңыздарга жаңы илимий ачылыштарды, ийгиликтүү долбоорлорду жана чоң жетишкендиктерди каалайм!

Илим күнүңүздөр менен!